**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**АЛАМҮДҮН РАЙОНУ**
**СҮЙМОНКУЛ ЧОКМОРОВ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**СУЙМОНКУЛ ЧОКМОРОВ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**СҮЙМӨНКУЛ ЧОКМОРОВ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН**
**29-ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН 7 - ОТУРУМУ**

**ТОКТОМ № 71**

**2025-жылдын 11-октябрь** **Мраморное айылы**

**“Айыл өкмөтүнө техника алуу жөнүндө”**

Айыл өкмөтүнүн чарба иштерин уюштуруу жана муниципалдык милдеттерди натыйжалуу аткаруу матсатында, Сүймөнкул Чокморов айыл аймагынын айыл өкмөтү үчүн “ Мамлекеттик лизинг компаниясы” аркылуу техника алуу маселеси каралып, Сүймөнкул Чокморов айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүймөнкул Чокморов айыл аймагынын айыл окмоту муктаждыктары үчүн төмөнкү атайын техникаларды ОАО “ Мамлекеттик лизинг компаниясы” аркылуу лизингке алууга макулдук берилсин
   - Фронтальный погрузчик SDLGL956HE- жеткирүүчүОсОО"АНТО КГ" – 8 156 250 сом;
   - Экскаватор Hyudai R60W – 9S - жеткирүүчү: ОсОО «Asiamotors» - 4 384 400 сом.
2. Техниканы лизинг аркылуу алуу менен байланышкан чыгымдарды айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен төмөнкү өлчөмдө каржылоо бекитилсин;
   - 2025-жылы–**2 085267,31 (эки миллион сексен беш миң эки жүз алтымыш жети)сом,** төлөм графике ылайык жүргүзүлөт.
   - 2026-жылы **–3 403194,00 (үч миллион төрт жүз үч миң жүз токсон төрт)сом;**
   - 2027-жылы **–3 149644,00(үч миллион жүз кырк тогуз миң алты жүз кырк төрт) сом;**
   - 2028-жылы**– 2 904013,00(эки миллион тогуз жүз төрт миң он үч) сом;**
   - 2029-жылы **–2 656144,00 (эки миллион алты жүз элүү алты миң жүз кырк төрт) сом;**
   - 2030-жылы**– 2 408280,00(эки миллион төрт жүз сегиз миң эки жүз сексен)сом.**

Тиешелүү суммалар 2025-2030-жылдар үчүн бюджет долбоорлоруна киргизилип, айылдык кеңештин чечими менен бекитилет.

3. Баштапкы төлөм катары 1 251865 (бир миллион эки жүз элүү бир миң сегиз жүз алтымыш беш)сом суммасын белгилөө. Бул сумма "Мамлекеттик лизинг компаниясы" ААКнын эсептик эсебине өтүнмө бекитилген күндөн баштап 10 календардык күндүн ичинде төлөнүшү керек.
4. Айыл өкмөтү техниканы пайдалануу жана тейлөө менен байланышкан төмөнкүдөй кошумча чыгашаларды өз эсебинен каржылоону камсыз кылсын:
   - Бажы төлөмдөрү жанажыйымдар;
   - Транспорт каражатын мамлекеттик каттоо;
   - Камсыздандыруу;
   - Бузулуу, зыян келтирүү же техниканын толугу менен жоголушу учурларындагы чыгымдар.
5. "Мамлекеттик лизинг компаниясы" ачык акционердик коому менен лизинг келишимине жана тиешелүү башка документтерге кол коюу укугу айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн;
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин бюджет, каржы-экономикалык суроолор боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **М.А.Акматказиев**